“Макулдашылды”
Дөң-Булак айыл өкмөтүнүн
башчысы: ___________
Султанов Э.Р.
“____” _____ 2021- жыл

“Макулдашылды”
Өзгөн райондук БББнүн
башчысы: ___________
Шайбеков.И.
“____” _____ 2021_- жыл

“Бекитемин”
Мектеп директору:
____________ М.Парпиев.
“____” _____ 2021_- жыл

# Ош облусунун Өзгөн районундагы Турдумамат Сарыков атындагы №54 орто жалпы билим берүүчү мектеби мекемесинин өнүктүрүү планы

**Стратегия  деген эмне?**

**Стратегия-бул алдыга коюлган багыт, максат. Стратегия узак мөөнөткө иштелип чыгат. Мисалы: 3,5,10,15 жылга иштелип чыгат.**

**Мектептин стратегиялык өнүгүү программасы-келечектеги өздөрүнүн балдарынын өнүгүүсүнө карата мектептин жана жергиликтүү коомчулуктун өкүлдөрүнүн мектептин өнүгүүсү боюнча биргелешкен аракеттери тууралуу жана бирдиктүү позициядагы көз караштарды чагылдырган документ.**

**Мектептин стратегиялык өнүгүүсү–мектеп тарабынан окуу процессинин жогорку сапатын жана бардык окуучулардын жетишкендиктерин камсыздоо максаттарын жана тапшырмаларын ошондой эле кадамдардын так сүрөттөлүшүн, катышуучулардын жоопкерчиликтеринин так бөлүштүрүлүшүн, реалдуу мөөнөттөрдү, жетишүү индикаторлорун чагылдырат.**

## ӨНҮГҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН СТРУКТУРАСЫ

**Өнүгүү программасы 6 бөлүктөн турат:**

1. Программанын паспорту
2. Программа түзүүнүн аналитикалык негиздери
3. Программанын максаты, милдети.
4. Программаны ишке ашыруу ресурстары.
5. Күтүлүүчү натыйжа.
6. Программаны ишке ашыруу иш-чаралары.

## ӨНҮГҮҮ ПРОГРАММАСЫНЫН ПАСПОРТУ

**Өнүгүү программасын түзүүнүн нормативдик негиздери:**

-Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө мыйзамы
-Кыргыз Республикасынын 2020-жылга чейинки Улуттук өнүгүү стратегиясы
-Кыргыз Республикасынын Конституциясы
-Балдардын укугун коргоо конвенциясы
-Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин мектеп-лицей жөнүндө жобосу
- Кыргыз Республикасында 2020-жылга чейин мектеп окуучуларын жана жаштарды тарбиялоо концепциясы
-Устав

Мектептин жакынкы 3 жылга түзүлгөн өнүгүү программасы

**1-стратегиялык максат:**

Окуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн таанып-билүүнүн негизинде, жөндөмдүү балдарды өстүрүү жана инсандык өнүгүүнү, сапаттуу билим берүүнү шарттаган маданий, адептик, билим берүүчүлүк чөйрөнү түзүү.

| № | ***Жетишүүнүн көрсөткүчтөрү*** | **2021-2022** | **2022-2023** | **2023-2024** |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Ар бир окуучунун мүмкүнчүлүктөрү, өнүгүүсү диагностикаланат жана өсүү динамикасына мониторинг жүргүзүлөт. | | | |
| 2. | Өзгөчө зээндүү, жөндөмдүү балдарды таанып-билүүгө, алар менен иштөөгө тиешелүү шарттар түзүлөт. | | | |
| 3 | Окутуп-үйрөтүүнүн жаны ыкмалары ишке ашырылат | | | |
| 4 | Мектеп шартында ар бир окуучунун жеке кызыгуусу жана билимге умтулуу мотивациясы колдоого алынат. | | | |
| 5 | Окуучуларда үзгүлтүксүз билим алууга ишмердүүлүк чөйрөсүндө чыгар-мачылык менен эмгектенүүгө даярдык көрүлөт. | | | |
| 6 | Маалыматтык-компьютердик технологияларды жана ресурстук маалыматтык чөйрөнү колдонуу менен окуучулардын проекттик ишмердүүлүгү калыптанат. | | | |

**2- стратегиялык максат:**

Турдумамат Сарыков атындагы №54 орто жалпы билим берүүчү мектеби мекемесинин мазмунун мамлекеттик билим берүү стандартына ылайыкташтыруу, алдыңкы инновацияларды тажрыйбаларды киргизүү менен билим сапатын жогорулатуу

| № | ***Жетишүүнүн индикаторлору*** | **2021-2022** | **2022-2023** | **2023-2024** |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Окутулган предметтери мамлекеттик билим берүү стандартына дал келтирилет, пландар стандартка ылайык иретке келтирилет, теориялык-практикалык көндүмдөр жогорулайт. | | | |
| 2. | Мектептин материалдык- техникалык базасы билим берүү процессинин учурдагы уюштуруу талаптарына дал келтирилет. | | | |
| 3 | Педагогикалык кадрларга тынымсыз усулдук окуулар өтүлүп, кадрларга методикалык жардамдар көрсөтүлөт. | | | |

**3- стратегиялык максат:**

Интеллектуалдык, руханий- нравалык баалуулуктарга ээ, ишмердүүлүккө, билим алууга, атаандаштыкка жөндөмдүү инсанды калыптандырууга багыт берүү

| № | *Жетишүүнүн индикаторлору* | 2021-2022 | 2022-2023 | 2023-2024 |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Окуучуларды дени сак жашоого багыт берүү | | | |
| 2. | Коомдук мамилелер системасына кошулууга негиз болуучу инсандык сапаттарга багыт берилет | | | |
| 3 | Коомдук жоопкерчиликти калыптандыруучу иш-чаралар уюштурулат | | | |
| 4 | Ар бир окуучунун ийгиликтүү болуусун камсыз кылуучу ар түрдүү ишмердүүлүккө катышуу шарты түзүлөт. | | | |

**Турдумамат Сарыков атындагы №54 орто жалпы билим берүүчү мектеби мекемесинин өнүгүү программасы 2021-2024-жылдарга түзүлүп, баалуулук багыттары, миссиясы, максаты, милдеттери толук белгиленди.**

**Баалуулук багыттары**

Мектеп-орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруучу, билим берүүнү өнүктүрүүчү мекеме.

Мектеп өз өнүгүүсүндө төмөнкү баалуулуктарды маанилуу деп эсептейт:

- Гуманизм, атуулдук жоопкерчилик,маданияттуулук;
- Патриоттуулук, адам укугу
- Адеп-ахлактык.руханий баалуулук;
- Билимдүүлүк, жаратмандык, өз кадыр баркын билүү;
- Бири-бирине терең ишеним жана урматтоо
- Миссия деген эмне?
- Миссия латын тилинен которгондо “жоопкерчиликтүү жумуш, роль, тапшырма”

**Билим берүү мекемесинин миссиясы :** “Заманбап технологияларды колдонуу менен окуучуларга үзгүлтүксүз билим, тарбия берүү аркылуу,азыркы коомдо натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүү ,ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялоо”.

**Өнүгүү программасын ишке ашыруунун этаптары - 2021-2024ж.**

**I этап: Уюштуруучулук. 2021-2024- окуу жылы.**

1. Программанын проектиси менен мугалимдерди, окуучуларды , ата-энелерди тааныштыруу жана программаны деталдаштыруу, толуктоо.
2. Зарыл болгон окуу-методикалык базаны түзүүнү баштоо.
3. Мугалимдерди педагогикалык жаңылануураларга ,өзгөрүүлөргө даярдоо

**2- этап: Практикалык. 2021-2024-окуу жылы.**

1. Программанын окутуу-тарбиялоо процессинде ишке ашырылышына жетишүү.
2. Программаны методикалык,кадрдык жана маалыматтык камсыздоо.
3. Диагностика жүргүзүү.

**3- этап: Жыйынтыктоочу 2021-2024-окуу жылы.**

1. Окутуу-тарбиялоону модернизациялоонун жыйынтыктарын анализдөө, проблемаларды аныктоо , мамлекеттеги жана эмгек рыногундагы өзгөрүүлөрдү эске алуу жаңы максаттарды белгилөө.

**1. Өнүгүү программасын түзүүнүн аналитикалык негизделиши.**

Өнүгүү программасын түзүүнүн жана ишке ашыруунун негизги максаты-заман талабына ылайык билим сапатына жетишүү. Бүгүнкү күндө билим берүү жана тарбия берүү айылдарда замандын талабынан артта калып жаткан сыяктуу. Мектеп окуучунун жеке адамдык сапатын калыптандырып, максаттуу багытта коомдо өз ордун туура таап кете ала турган, өз алдынча туура чечим чыгара алган инсанды тарбиялоого милдеттүү.

Азыркы жаш адам эмгек базарында атаандаштыкка жөндөмдүү, жогорку кесиптик чеберчиликке ээ болгон,чоң социалдык жоопкерчиликтүү, өз алдынча адамдык, юридикалык, экономикалык мүнөздө чечим чыгара ала турган болуусу зарыл. Ар түрдүү кырдаалдан чыгып кете алган, өз алдынча чыгармачыл ой жүгүртө билген жана чечим кабыл алууга, атаандаштыкка жөндөмдүү демилгечил болууга тийиш.

Азыркы учурда окуучунун мектепти аяктагандан кийин өз кесибин туура тандоосуна өзгөчө көңүл буруу керек. Мугалимдерге окуучулардын өз кесибин туура тандоосуна жол көрсөтүү милдети тагылат.

Бүтүрүүчү мектепти аяктаганда ЖРТда алган балына карап эмес, кайсы кесипти сүйө тургандыгына жана ал кесипте иштеп кете ала тургандыгына карап кесип тандоосу керек жана ал боюнча окуу жайына тапшыруу керек. Жогорку окуу жайын бүтүрүп, экономист, юрист, инженер-программист кесибине ээ болууда, бирок ал боюнча эмгектенгендер аз, себеби же жумуш табылбайт .

Бүгүнкү күндө жөн гана окуучунун жогорку окуу жайынан окуусуна гана көңүл бурбастан, азыр кайсы багытта билимдүү кадрлар жетишпей жаткандыгын эске алуу зарыл. Ал үчүн бүгүн кайсы адистик талап кылынат, эртең кайсынысы зарылдыгын так билүү зарыл.

1. **Өнүгүү програманы түзүүнүн максаты:**

Окутуу-тарбиялоого профилдик билим берүүнү киргизүү менен билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыздоо, окуучуларда негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу, инсандык сапаттарга тарбиялоо, мамлекеттик стандарттардын талабына ылайык орто жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруу.

**Мектептин негизги максаты:** Окуу жана материалдык техникалык базаны чыңдоо аркылуу, мугалимдердин кесиптик деңгээлин үзгүлтүксүз жогорулатуу менен окуучуларга сапаттуу билим берүү.

Билим берүүнүн сапаттуулугун сактоо, негизги жана жалпы орто билим берүү программаларын ишке ашыруу, негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу, инсандык сапаттарга тарбиялоо

**4.Өнүгүү программанын милдеттери:**

1. Билим берүү стандарттарынын аткарылышын камсыздоо, топтогон тажрыйбалардын негизинде билим берүүнүн сапаттуулугун арттыруу;
2. Окуу процессин маалыматтык технологияларды колдонуу менен оптималдуу уюштуруу

a. Окуучуларда негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандырууну өнүктүрүүнүн негизинде окуучулардын сүйлөө жана мамиле түзүү маданиятын өнүктүрүү;
b. Улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын негизинде адеп-ахлактуу жоопкерчиликтүү, демилгелүү жана компетенттүү атуулду тарбиялоо;
c. Илимий-методикалык иштерге жаңылык киргизүү, алдыңкы тажрыйбаларды менен бирге мугалимдердин кесиптик чеберчилигин арттыруу;
d. Улуттук-тарыхый баалуулуктарды калыптандыруу менен дүйнөлүк маданияттын баалуулуктардын катарынан көрө билүү;
e. Окуучулардын сапаттуу билим алуусу үчүн комфорттук чөйрөнү түзүү

Окутуу- тарбиялоо ишмердүүлүгүн максаттуу жүргүзүүдө педагогикалык процесстин бардык субъекттери үчүн төмөнкү баалуулук мамилелер негизи болуп эсептелет.

- Бири-бирине терең ишеним жана урматтоо
- Кызматташтык жана колдоо көрсөтүү
- Психологиялык комфорттук шарттарды түзүү
- Түшүнүүчүлүк жана ачык айкындык

5. **Программаны ишке ашыруу ресурстары төмөнкүлөрдү камтыйт:**

**а) Программанын илимий-методикалык камсыздалышы**

Билим берүүнүн окуу программаларынын
аткарылышы;
Мугалимдерди автордук программаларды түзүүгө багыттоо ;
Мектептин педагогикалык-психологиялык темасынын бардык структуралар тарабынан камтылышы ;

Кошумча билим берүүнүн жаңы түрлөрүнүн программаларын иштеп чыгуу жана киргизүү (факультативдин, ийримдин, секциянын жылдык программасы) ;
Дидактикалык материалдардын электрондук версияларынын банкын түзүү:

**б) Кадрдык ресурс:**

-Мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу;
-Мугалимдердин маалыматтык технологияларды колдонуу деңгээлин;
-Жогорулатуу максатында мугалимдерди курстарга окутуу;
-"Мугалим"программасын ишке ашыруу , жаш адистерди окутуп-үйрөтүү;
аркылуу педагогикалык кадрлар менен камсыздоону жакшыртуу;
-Мугалимдерди материалдык, моралдык колдоого алуу аркылуу чыгармачылык ишмердүүлүккө мотивациялоо;
-Мугалимдердин эмгектенүүсү үчүн комфортттук шарттарды түзүү.

**в) Башкаруучулук уюштуруучулук ресурс:**

- Мектептин ишмердүүлүгүнө, өнүгүүсүнө проблемалык багыттоочу анализ жүргүзүү;
- Керектүү өзгөртүүлөрү киргизүү жана көзөмөлдөө;
- Окуу процессинин бардык катышуучуларын программаны ишке ашырууга мотивациялоо;
- Окуучулардын өзүн - өзү башкаруу органын программаны ишке ашырууга тартуу;

**г) Материалдык-техникалык ресурс:**

- Программаны ишке ашыруудагы материалдык-техникалык ресурс өз ичине төмөнкүлөрдү камтыйт:
- Заманбап окуу кааналарынын болушу;
- Маалыматтык технологиялар,тех. каражаттар менен камсыздоонун болушу;
- Спорт залдын,спорт аянттарынын болушу;
- Актовый залдын окуучу санына ылайык болушу;
- Ашкананын окуучу санына ылайык жана санитардык талаптарга ылайык болушу;
- Китепкананын талапка ылайык болушу,окуу залы, фонд, китеп менен камсыздоо;
- Материалдык –техникалык база боюнча жакшыртуу талап кылынат:
- Окуучуларды класс-кабинеттердин,лабораториялардын санына ылайык комплектилөө же окуучу санына жараша база түзүүгө жетишүү;
- Профилдик предмет болгону үчүн информатика группаларга бөлүнүп окутулушу зарыл болгондуктан информатика кабинетинин жана компьютерлердин санын арттыруу,интернет байланышын тузуу, Байкоочу аппараттарды орнотуу.

**д) Баалуулук мамилелердин системасы- маанилик ресурс.**

- Окутуу- тарбиялоо процессинин уюштурулушун окуучуларда баалуулук мамилелерди системасын калыптандырууга багытталат;
- Базалык улуттук баалуулуктар;
- Өз Ата Мекенин –Кыргызстанды сүйүүгө,урматтоого жана анын улуттук маданиятын сактоо,жаратылыш байлыктарына аяр мамиле жасоо,үй- бүлө институтун сактоо, дүйнөнү бүтүндүктө кабыл алуу.

**Жекече мамилелер:**

- Мугалим, окуучу, ата-эне ортосундагы өз ара байланыштын бекемдигин сактоо;
- Окуучулар менен мугалимдердин, мугалимдер менен мугалимдердин ортосундагы

калыптанып калган, демократизм, гуманизм, кызматташтык принциптерине негизделген мамилелердин стилин сактоо;
- Окуучунун ийгиликтүү болушу үчүн зарыл атмосфераны түзүү;
- Бүтүрүүчүлөрдүн лицей менен тыгыз байланышын сактоо жана коомдо өз ордун таба алышына байкоо жүргүзүү;

**е) Финансылык ресурс.**

- программанын ишке ашырылышы финансылык - чарбалык иштердин планына ылайык ата-энелерден түшкөн финансылык каражаттар менен камсыздалат;
- мектептин мурдагы бүтүрүүчүлөрүнүн өз ыктыяры менен көрсөткөн финансылык жардамдарын колдонуу
-демөөрчүлөр менен иштоо
- камкорчулар кеңешинин ишин колг алуу

**6. Күтүлүүчү натыйжалар:**

Өнүгүү программасын ишке ашыруунун жыйынтыгында төмөндөгүдөй натыйжалар күтүлөт:

- Билим берүүнүн жеткиликтүүлүгү жана сапаты жогорулайт;
- Окуу тарбия процессин, окуу программаларын ишке ашыруу боюнча жетекчиликти уюштуруу, башкаруу иштери коллегиялуу, демократиялык жол менен жүргүзүлөт.
- Педагогдордун компететтүүлүгүн жана кесиптик чеберчилиги жогорулайт.
- Конкуренттүүлүккө, туруктуулукка коомдо өз ордун таба билген, социалдык компетенттүүлүккө ээ бүтүрүүчүлөр даярдалат.
- Заманбап материалдык базаны түзүү өркүндөйт.
- Мектеп ичинде окуучулардын, педагогдордун ден соолугун сактоо, чыңдоо, өмүрүнүн коопсуздугун сактоого шарттар түзүлүп, окуучулар сапаттуу билим чөйрөсүнө тартылышат.

## 7. Программаны ишке ашыруу иш чаралары

**1.Билим берүү стандарттарын,окуу программаларын эффективдүү ишке ашыруу**

| № | Иш чаралар | Аткаруучу милдеттүү | Мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|---|
| 1.1 | КРнын билим берүү стандарттары жөнүндө нормативдүү документтерин окуп үйрөнүү | Мектеп директору, О.Б.Б. | Ар дайым | Билим берүү талаптарына ылайык база түзүлөт |
| 1.2 | Мектептин өнүгүү программасын иштеп чыгуу | Мектеп директору, О.Б.Б. | Август 2021-жыл | Өнүгүү программа пед кеңеште бекитилет |
| 1.3 | Предметтер боюнча окуу программаларды кайра иштеп чыгуу, ар бир мугалимди камсыз кылуу | метод бирикме жетекчилери | Сентябрь 2022-ж | Жумушчу программаларын бекиттирет |
| 1.4 | Жаңы окуу китептерине окуу методикалык колдонмолорго заказ берүү, толуктап туруу | Мектеп жетекчилиги Китепканачы | Август жыл сайын | Окуу китептери, усулдук колдонмолор менен окуучулар жана мугалимдер камсыз болот |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1.5 | Окуу кааналарын заманбап технологиялар менен жабдуу | Мектеп жетекчилиги | 2021-2024-ж | Билим берүүдө алдыңкы технологиялар колдонулат |
| 1.6 | Мугалимдерди өз билимин өркүндөтүүнүн үстүндө иш алып баруусу боюнча курстардан өтүүсү | Мектеп жетекчилиги жана предметтик мугалимдер | Ар дайым мөөнөтү келгенде | Дайыма кесиптик чеберчилигин арттыруу менен терең билим берүүгө өзгөчө маани берет |
| 1.7 | Билим берүү процессине инновацияларды киргизүү, колдонуу боюнча перспективалык өнүгүү пландарды иштеп чыгуу | Мектеп директору, О.Б.Б. | 2021-2024-ж | Билим берүү процессине инновациялык технологиялар киргизилет |
| 1.8 | Мектеп ичинде түрдүү багытта окуучулардын билим деңгээлин текшерүү, мониторинг түзүү | Мектеп жетекчилиги жана усулдук бирикмелер | Дайыма | Окуучулардын билими көзөмөлдөнөт, аны жогорулатуу чаралары көрүлөт |
| 1.9 | Окуучулардын билим сапатынын көтөрүүгө ата-энелер менен тынымсыз иш алып баруу. | Класс жетекчи, усулдук бирикмелер жана ата-энелер | Дайыма | Каалаган учурда сабакка катышып баласынын окуусуна көзөмөл жүргүзө алат |
| 1.10 | Мектептин мугалимдеринин мастер-класстарды, ачык иш-чараларды өткөрүүгө тартуу. | Мектеп жетекчилиги жана усулдук бирикмелер | Жыл сайын | Ишке болгон жоопкерчилиги жогорулайт |

**2. Мугалимдин тажрыйбасын, билимин өркүндөтүү**

| № | Аткарылуучу иш чаралар | Аткарууга милдеттүү | Мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|---|
| 2.1 | Мектептин администрациясынын жана мугалимдердин өз билимин өркүндөтүү курстарынан өтүүсү | Мектеп жетекчилиги | График боюнча | Жетекчилердин жана мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгү жогорулайт |
| 2.2 | Жаш мугалимдердин мектепке жана өз кесибине адаптациялоо | Мектеп жетекчилиги Насаатчылар | 2021-2024-ж | Кадрдык курам толукталат |
| 2.3 | Мектеп бүтүрүүчүлөрү арасында мугалимдик кесипке багыт берүү иштерин жүргүзүү:<br>-окуучулар жана мугалимдер менен бирдикте илимий практикалык жана психо-педогогикалык конференция өткөрүү<br>-педагогикалык ЖОЖдордо өткөрүлүүчү ачык күндөргө,профориентациялык форумдарга,ярмаркаларга катыштыруу | О.Б.Б. Класс жетекчилер | 2021-2024-ж | Бүтүрүүчүлөрдүн педагогикалык адистик боюнча ЖОЖдорго тапшыруу саны артат |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 2.4 | Мугалимдерди материалдык жана моралдык жактан стимулдаштыруу механизмин өркүндөтүү үчүн эмгек акысына окутуунун сапатына жараша дифференциацияны киргизүү | Мектеп жетекчилиги жана усулдук бирикмелер | Жыл сайын | Мугалимдердин өз ишинин натыйжалуу жыйынтыгына болгон кызыгуусу артат |
| 2.5 | Кесиптик чеберчилик боюнча конкурстарды уюштуруу, катышуу. | Мугалимдер, класс жетекчилер | План боюнча | Конкурстарга катышат, чеберчилигин арттырат |
| 2.6 | Педагогикалык чеберчиликти арттыруу, жайылтуу боюнча үзгүлтүксүз иштерди уюштуруу | О.Б.Б. | Ар дайым | Мугалимдер иш тажрыйбасын арттыруунун үстүндө үзгүлтүксүз иштейт |
| 2.7 | Мугалимдердин билимин жана кесиптик чеберчилигинин деңгээлин текшерүү (сынак уюш.) | Мектеп жетекчилиги | Жыл сайын | Билимдин деңгээли жогорулайт |

**3.Таланттуу жана жөндөмдүү окуучуларды колдоо системасын өнүктүрүү**

| № | Аткарылуучу иш чаралар | Аткарууга милдеттүү | Мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|---|
| 3.1 | Окуучуларды түрдүү конкурстарга, олимпиадаларга, спорттук мелдештерге даярдоо жана катыштыруу | Т.И.У. класс жетекчилер, предметтик мугалимдер | 2021-2024-ж | Таланттуу балдарды колдоо үчүн шарт түзүлөт |
| 3.2 | Олимпиаданын, конкурстардын жеңүүчүлөрүнүн маалымат базасын түзүү | О.Б.Б. | Дайыма | Мектептин портфолиосу түзүлөт |
| 3.3 | Таланттуу окуучуларды педагогика-психологиялык жактан жетектөө | Социалдык-психологиялык кызмат | 2021-2024-ж | Таланттуу окуучу коммуникабелдүүлүк кө тарбияланып, жогорку көрсөткүчкө жетишет |
| 3.4 | Окуучуларга кесиптик багыт берүү максатында алардын кызыгуусун жана жөндөмүн аныктоо | О.Б.Б. | Жыл сайын | Кесипке багыт берүү боюнча иштер так аткарылат |
| 3.5 | Окуучулардын жана мугалимдердин бирдиктүү проект түзүү жана илимий ишмердүүлүгү | Т.И.У. | Жыл сайын | Илимий ишмердүүлүк жана проект түзүү иштеринекатышкандардын саны артат |
| 3.6 | Окуучулардагы изденүүчүлүк жана изилдөөчүлүк билгичтиктерин өнүктүрүүчү иш- чараларды уюштуруу | Т.И.У. | Окуу жылдын ичинде | Окуучудагы илимий ой жүгүртүү калыптандырылат |

**4. Окуучулардын ден-соолугун сактоо жана бекемдөө**

| № | Аткарылуучу иш чаралар | Аткарууга милдеттүү | Мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|---|

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 4.1 | Окуучуларды медициналык кароодон өткөрүү, ден соолугу боюнча мониторинг жүргүзүү | Директор медициналык кызматкерлер | Дайыма | Окуучулардын ден соолугунун абалы боюнча мониторинг түзүлөт,көзөмөлгө алынат |
| 4.2 | Окуучулардын ден соолугун чыңдоочу дене тарбиялык иштерди жүргүзүү (мелдештер, спартакиадалар, спорттук секциялар) | Т.И.У. | 2021-2024-ж | Окуучунун ден соолугун чыңдоо боюнча прафилактика жүргүзүлөт |
| 4.3 | Окуучулардын, ата-энелердин бирдиктүү спорттук иш-чараларын өткөрүү | Мектеп директору, врач, дене тарбия мугалими | Жыл сайын | Окуучулардын денсоолугун чыңдоо жана бирдиктүү кызматташтыкка жетишүү |
| 4.4 | Мектепте ден соолук күнүн уюштуруу | Мектеп жетекчилиги, дене тарбия мугалими, класс жетекчи | План боюнча | Окуучулардын ден соолугун сактоосуна мотивация берилет |
| 4.5 | УБДТ борборунун дарыгерлери менен тыгыз байланышта иш жүргүзүү (эмдөө, жугуштуу оорулардын алдын алуу, окуучулардын санитардык-гигиеналык жактан сабаттуулугун жогорулатуу) | Врач, медсестра | Жыл сайын | Окуучулардын ден-соолугун чыңдоо,жугуштуу оорулардын алдын алуу, жаңы маалыматтарга ээ болуу. |

## 5.Мектептин инфраструктурасын өзгөртүү.

| № | Аткарылуучу иш чаралар | Аткарууга милдеттүү | Мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|---|
| 5.1 | Мектептин окуу–методикалык жана материалдык-техникалык базасын чыңдоо | Мектеп жетекчилиги | 2021-2024-ж | Техникалык талаптарга дал келген кааналардын саны артат |
| 5.2 | Өрткө каршы, өзгөчө кырдаалдар боюнча ар түрдүү иш чараларды атайын адистер менен бирдикте өткөрүү | Мектеп жетекчилиги ТББ | 2021-2024-ж | Окуучулардын коопсуздугу камсыздалат, өмүрүн сактоо шарттарын жакшырат |
| 5.3 | Китепканада фондун жакшыртуу, электрондук китепкананы тузуу . | Мектеп жетекчилиги | 2021-2024 | Китепканада фонду заманбап тузулот |
| 5.4 | Окуу кааналарын заманбап окуу-дидактикалык, электрондук билим берүү каражаттары менен жабдуу | Директор | Ар дайым | Билим берүү чөйрөсү жакшырат |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 5.5 | Мектепти  жаңы мебелдер менен жана спорттук каражаттар менен жабдуу | Мектеп жетекчилиги | 2021-2024-ж | Материалдык техникалык базасы чыңдалат |
| 5.6 | Мектептин айлана-чөйрөсүн жашылдандыруу | Мектеп жетекчилиги | Жыл сайын | Ыңгайлуу, кооз шартты түзүү, |

| № | Аткарылуучу иш чаралар | Аткарууга милдеттүү | Мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|---|
| 6.1 | Мектептин өзүн-өзү башкаруу уюмунунун ишин жогорку деңгээлде уюштуруу | Т.И.У. | Дайыма | Окуучунун уюштуруучулук жөндөмү артат |
| 6.2 | Класс активдерин ички тартип эрежелерин көзөмөлдөөгө катыштыруу, окуучулардын нөөбөтчүлүгүн уюштуруу | Т.И.У. класс жетекчи | Дайыма | Мектептин коомдук турмушуна аралашкан окуучулардын саны артат |
| 6.3 | Мектептин салттуу иш чараларын уюштуруу аркылуу окуучулардын коомдук уюштуруучулук ишмердүүлүгүн жогорулатуу | Класс жетекчилер | Дайыма | Окуучунун жөндөмү ар тараптуу өркүндөтүлөт |
| 6.4 | Мектепте ар түрдүү тарбиялык иш чараларды уюштуруу.<br>Предметтик жумалыктар;<br>Чыгармачыл кечелер интеллектуалдык конкурстар;<br>Окуу конференциялары;<br>Экскурсиялар;<br>Кайрымдуулук акциялары; | Т.И.У. класс жетекчилер | Планга ылайык | Окуучу жогорку инсандык адамгерчиликке , тапкычтыкка, уюштуруучулук жөндөмдүүлүккө ээ болот |
| 6.5 | Класстан тышкаркы түрдүү иш чараларды уюштуруу | Т.И.У. | Жыл ичинде | Өткөрүлгөн иштер аркылуу окуучунун интеллектуалдык деңгээли жогорулайт |
| 6.6 | Ата-энелер менен мектептин ортосундагы байланышты бекемдөө | Т.И.У. | Жыл ичинде | Ата-эненин баласынын өнүгүүс үнө болгон жоопкерчилиги артат |
| 6.6 | Ата-энелер менен мектептин ортосундагы байланышты бекемдөө | Т.И.У. | Жыл ичинде | Ата-эненин баласынын өнүгүүс үнө болгон жоопкерчилиги артат |
| 6.7 | Тартип кеңешинин ишин өркүндөтүү | Т.И.У. | Жыл ичинде | Тартип кеңешинин жоопкерчилиги күчөйт |
| 6.8 | Мектептин салттуу күндөрүн үзгүлтүксүз уюштуруу:<br>-Билим күнү;<br>- 23-сентябрь-кыргыз тили майрамы;<br>-Мугалимдер күнү;<br>-Карылар,майыптар күнү<br>-Жаңы жыл майрамы;<br>-21-февраль-эне тили күнү;<br>-мекенди коргоочулар күнү;<br>- Ак калпак күнү<br>- Аялдар күнү;<br>-Нооруз майрамы;<br>-Жеңиш майрамы;<br>-Акыркы коңгуроо; | Т.И.У. | Мөөнөтү келген учурларда | Окуучулардын коом менен болгон байланышы күчөйт.<br><br>Мекенчилдик сезими өнүгөт.<br>Улууларга, айлана-чөйрөсүнө урмат-сый менен мамиле жасайт. |

## 7. Мектептеги  башкаруу

| № | Аткарылуучу иш чаралар | Аткарууга милдеттүү | Мөөнөтү | Күтүлүүчү натыйжалар |
|---|---|---|---|---|
| 7.1 | Массалык маалымат каражатта-рына мектептин ишмердүүлүгү башка маалыматтарды чагылдырып туруу | Мектеп жетекчилиги | Ар дайым | Коомчулук кабардар болот |
| 7.2 | Мектепти башкарууда жана жалпы билим берүүнү ишке ашырууда мамлекеттик билим берүү жөнүндөгү укуктук актыларга негиздөө жана таянуу | Мектеп директору | Жыл сайын | Мектепти башкарууда мамлекеттик-коомдук башкаруу принциптери ишке ашырылат, мектептин өнүгүүсүнө ата-энелер жана окуучулардын катышуусу камсыздалат |
| 7.3 | Мектептин ишмердүүлүгү боюнча ачык отчетторду даярдоо | Мектеп директору | Жыл сайын | Коомчулуктун алдындагы ачыктыгы жана рекламасы камсыз болот |
| 7.4 | Мектептин окуу- тарбия иштери боюнча мониторингин жүргүзүү | Мектеп директору | Жыл сайын | Мектептин статусун сактоо жана өнүгүү жолдору камсыздалат |